**2020-жылдын «___» ______**
**№ _____буйругу менен**
**БЕКИТИЛГЕН**

# ЖАЛПЫ ЖАРЫЯ СУНУШ

## ( "Кыргызмобайлкомпани" ЖЧКнын төлөм терминалын колдонуу менен кызмат көрсөтүү тууралуу кошулуу келишимин түзүү жөнүндө расмий сунуш)

## 1. Жалпы жоболор.

1.1. Ушул документ мындан ары Кардар же Төлөөчү деп аталуучу жеке жак менен ( аракетке / укукка жөндөмдүү, ушул Офертада көрсөтүлгөн шарттарды сөзсүз түрдө кабыл алган), мындан ары текст боюнча Тараптар деп аталуу менен, ушул Офертада баяндалган шарттарда Система операторунун (мындан ары текст боюнча Терминалдык система) тейлөөсүндөгү «Альфа Телеком» ЖАКтын төлөм терминалын/ терминалдык түйүнүн колдонуу менен үчүнчү жактардын пайдасына эсептөөлөрдү жана төлөмдөрдү жүргүзүү жана кабыл алуу боюнча кызматтарды көрсөтүү келишимин түзүү тууралуу «Кыргызмобайлкомпани» (текст боюнча мындан ары – Система оператору) жоопкерчилиги чектелген коомунун расмий сунушу (Жалпы жарыя-сунуш) (мындан ары – «Оферта») болуп саналат.

1.2. Оферта өз ичине Терминалдык системаны пайдалануу менен кызматтарды көрсөтүү жөнүндө келишимдин (мындан ары - Келишим) бардык негизги шарттарын камтыйт жана Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 387-беренесине ылайык, Кардар/Төлөөчү тарабынан Ушул Офертада каралган иш-аракеттер аткарылган учурдан тарта Келишим күчүнө кирет жана Келишим түзүлгөн болуп эсептелет.
Ушул Офертада каралган иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу менен, Кардар / Төлөөчү өзүнүн мыйзамдуу укугун, аракетке/ укукка жөндөмдүүлүгүн, жана да Система Оператору менен келишимдик мамилелерди түзүүгө чектөөлөрдүн жана тыюу салуулардын жоктугун, Офертадан кандайдыр бир өзгөчөлүктөрсүз жана ага жалпысынан кошулуу жолу менен Офертанын шарттарын кабыл алгандыгын тастыктайт.

1.3. Бул Офертанын шарттарына макул болбогон же түшүнбөгөн учурда, Система Оператору Кардардан / Төлөөчүдөн ушул Офертада каралган иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн төлөм терминалын / терминалдык системасын пайдалануудан баш тартууга чакырат.

## 2. АНЫКТАМАЛАР:

2.1. **Жалпы жарыя-сунуш (же Оферта):** белгисиз адамдардын тобуна багытталган, сунушталган шарттарда жана келишимдин бардык негизги шарттарын камтыган келишим түзүү жөнүндө сунуш.

2.2. **Акцепт:** оферта сунушталган адамдын аны кабыл алуу жөнүндө жообу.

2.3. **Система оператору:** "Кыргызмобайлкомпани" жоопкерчилиги чектелген коому

2.4. **Кардар/Төлөөчү:** өз атынан же юридикалык жактын атынан (жеке жакка юридикалык жактан тийиштүү ыйгарым укуктардын болушун кепилдөө менен) ушул офертада сунушталган шарттарда келишим түзүү сунушун кабыл алган, Кызмат көрсөтүүчү жана / же Система операторунун пайдасына Төлөм жүргүзгөн укукка/аракетке жөндөмдүү жеке жак.

2.5. **Төлөм терминалы:** Кардардан/Төлөөчүдөн акча каражаттарын кабыл алуу үчүн ыйгарым укуктуу жактын катышуусусуз автоматтык режимде иштөөчү түзмөк.

2.6. **Кызмат көрсөтүүчү:** Кардарга/Төлөөчүгө товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сунуш кылган жана / же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жана / же Кардар / Төлөөчү менен түзүлгөн тиешелүү келишимдин шарттарына ылайык кызматтарды/ төлөмдөрдү ишке ашырган юридикалык жак, жеке ишкер, мамлекеттик / бюджеттик мекеме, башка уюм.

2.7. **Төлөм:** Система Операторунун сыйакыларын/ комиссияларын эсепке албаганда, Кардар / Төлөөчү тарабынан Кызмат көрсөтүүчүнүн пайдасына багытталган сумма.

2.8. **Система операторунун кызматтары:** Система Операторунун төлөм системасы аркылуу Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн пайдасына, өз ишмердигинин натыйжасы болуп саналбаган товарлар жана кызматтар үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча көрсөтүлүүчү кызматтар.

2.9. **Электрондук форма:** Төлөм терминалынын дисплейинде көрсөтүлгөн маалыматтардын формасы, ушул Офертанын бир бөлүгү болуп саналат жана Система Операторунун кызматтарын алууда Кардардын / Төлөөчүнүн өз эркин (макулдугун / макул эместигин) ачык билдирүүгө мүмкүндүк берет.

2.10. **Тарифтер:** Система операторунун тарифтери, Кардар / Төлөөчү тарабынан төлөнүүчү, Система Оператору көрсөткөн Кызмат үчүн сый акылардын / комиссиянын өлчөмү.

2.11. **Конклюденттик иш-аракеттер**: бүтүм чыгаруу / келишим түзүү жөнүндө өз каалоосун билдирүүчү аракеттер, бирок оозеки же жазуу жүзүндө эмес, мындай ниети жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк түзгөн жүрүш-турушу.

2.12. Төлөм документи: Кардар / Төлөөчү тарабынан Системанын Операторунун Кызматтарын колдонгондугун/ төлөгөндүгүн тастыктаган, кагазда же электрондук түрдөгү, документтердин берилген түрү үчүн зарыл болгон реквизиттерди камтыган документ ( чек, чыпта жана башкалар).

2.13. **Кайтарым акча** (ашыкча акча): ушул Оферта үчүн - Төлөм Терминалынын купюра кабыл алгычына салган каражаттардын жана Төлөмдүн көрсөтүлгөн суммасынын ортосундагы айырма (төлөмдөн ашкан калдык ).

Кайтарым акча төлөө үчүн каражаттарды киргизгенден кийин эсептелет (акча каражаттары купюра кабыл алгычка киргизүү, жана да кайтарым акча картасын колдонуу аркылуу).

Кардар /Төлөөчүгө калдык болуп эсептелген кайтарым акча менен төмөндөгүдөй операцияларды аткарууга мүмкүнчүлүктөр берилет:

- Кардар/Төлөөчү тарабынан Төлөм терминалынын экранына киргизилген номер боюнча КРдин каалаган уюлдук байланыш Операторунун балансына которуу;

кайтарым акча картасын алуу (номери менен чек), бул кайтарым акча картасын башка төлөмдөрдү төлөө (бөлүп төлөө, толук төлөм жүргүзүү), же болбосо «Альфа Телеком» ЖАКтын Сатуу жана тейлөө борборлорунун кеңселеринде накталай акчага айландыруу

(мындай функционал болгон учурда);
- эгерде Кардар / Төлөөчү калдыкты / кайтарым акчаны колдонуунун жогоруда саналып өткөн ыкмаларынын бирин да тандабаса, бардык сумма толугу менен Кызмат көрсөтүүчүгө өткөрүлүп берилет. Калдык / кайтарым акча Кызмат көрсөтүүчүнүн эсебине түшөт, ал эми Кызмат көрсөтүүчүнүн эсебине киргизилген сумманын калдыгын кайтаруу тартиби жана кайтарып берүү мүмкүнчүлүгү Система Операторунун катышуусусуз Кызмат көрсөтүүчүнүн өзү тарабынан жөнгө салынат.

2.14. **Кайтарым акча картасы –** төлөм терминалы аркылуу төлөнгөн төлөмдөн ашкан калдыктын (кайтарым акчанын) параметрлери көрсөтүлгөн Төлөм терминалынан берилүүчү чек.

## 3. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ:

3.1. Ушул Келишим Терминалдык системаны /төлөм терминалдарын колдонуу аркылуу Система операторунун Кызматтарды көрсөтүүсүнүн тартибин жана шарттарын аныктайт жана белгилейт.

## 4. КАРДАРДЫН/ТӨЛӨӨЧҮНҮН ИШ-АРАКЕТТЕРИ ЖАНА ТӨЛӨМ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

4.1. Система оператору сунуш кылган шарттарда төлөм терминалын / терминалдык системаны пайдалануу менен, Система операторунун кызматтарын алууга багытталган Кардар / Төлөөчүнүн аракеттери Офертаны толугу менен жана шартсыз кабыл алуу катары каралат. Кардар / Төлөөчү Акцептти аткарып жаткан учурда, Тараптар ушул Офертада Система оператору сунуш кылган шарттарда Келишим түзгөн болуп саналат.

4.2. Система Операторунун тарифтерин эске алуу менен Кызмат көрсөтүүчүнүн дарегине Төлөм жүргүзүүнү ишке ашыруу үчүн Кардардын / Төлөөчүнүн Системанын Операторунун кызматтарын колдонуусу жана / же Кардар / Төлөөчү тарабынан акча каражаттарын киргизүү жолу менен байланышкан Кардар / Төлөөчүнүн иш-аракеттери (төлөм терминалын,анын электрондук формаларын колдонуу менен) Акцепттин аткарылышы жана, демек, Келишимдин түзүлүшү болуп саналат.

4.3. Система операторунун Кызматтарынын наркы Төлөмдүн суммасына карата өзүнчө эсептелген жана кайтарылбай турган Тарифтер менен аныкталат, ал эми Тарифтердин өлчөмү Кардар / Төлөөчү Төлөм аткаруу үчүн акча каражаттарын салганга чейин Төлөм Терминалынын экранында / дисплейинде чагылдырылат. Тарифтер менен макул болбогон учурда, Кардар / Төлөөчү төлөм жүргүзүү үчүн буйрутма түзүүдөн баш тартууга укуктуу (бул жерде жана мындан ары – Төлөм жүргүзүү үчүн Кардардын/Төлөөчүнүн ачык жана бир тараптуу билдирилген жана тиешелүү түрдө таризделген тапшырыгы), Кардар/Төлөөчү Терминалдык система/төлөм терминалы аркылуу ушул негиз менен Төлөм жүргүзүүгө мүмкүн болбогондугуна байланыштуу ага/үчүнчү жактарга кандайдыр бир чыгымдардын ордун толуктап берүүнү талап кылууга укугу жок.

4.4. Кандайдыр бир түшүнбөстүктөр болбошу үчүн, конклюденттик иш-аракеттерди аткаруу менен Акцептти ишке ашырып (Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 399-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык), Кардар / Төлөөчү төмөнкүлөрдү тастыктаган болуп эсептелет:

- ал ушул Офертанын шарттары менен толук таанышып чыккандыгын;

ал Келишимди жеке, үй-бүлөлүк же башка муктаждыктар үчүн гана түзөт жана мындай муктаждыктар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Офертанын максаттарына карама-каршы келбейт.

4.5. Кардардын / Төлөөчүнүн төлөм терминалын колдонуп, накталай акча каражаттары менен бир жолку төлөмү Система Операторунун сыйакысын/ комиссиясын / Тарифтерин эсепке алуу менен 15000 (он беш миң) сомдон ашпоосу керек.

4.6. Система операторунун кызматтарын колдонуу үчүн, Кардар / Төлөөчү төлөм терминалынын дисплейине жайгаштырылган электрондук формаларда каралган иш-

аракеттерди өз алдынча аткарат (сунушталганды толтуруу / тандоо) жана төлөм терминалынын купюра кабыл алгычына акча каражаттарын киргизет (кайтарым акча картасынын функционалын колдонуу). Төлөмгө буйрутма түзүүдө, Кардар / Төлөөчү Кардар / Төлөөчүнүн каражаттарын колдонуу менен Кызмат көрсөтүүчү менен эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө Система Операторуна берилген буйрутманы кошуу менен, Кардар / Төлөөчү Төлөм жүргүзүү үчүн кайтарылгыс жана сөзсүз буйрутма берет. Бардык аракеттер төлөм терминалынын мониторунда аткарылат. Төлөмдүн бардык маалыматтары төлөм терминалынын экранына киргизилет. Айрым учурларда, Система оператору кошумча идентификациялык маалыматтарды, кошумча паролду киргизүүнү талап кылышы мүмкүн.

4.7. Төлөм терминалынын дисплейинде көрсөтүлгөн Төлөмдөр реквизиттеринин (маалымдаректерин киргизүү) талаачаларын толтуруу жана «Андан кийин» баскычын басуу, ошондой эле түздөн-түз Система оператору көрсөткөн башка иш-аракеттерди аткарганда, Кардар / Төлөөчүнүн төлөө буйрутмасын жана Төлөмдүн / Тарифтердин / төлөө ыкмасынын бардык шарттарын аткарууга макулдугу болот.

Төлөм жүргүзүү үчүн каралган бардык иш-аракеттерди аткаргандан кийин жана Төлөм терминалы аркылуу төлөм жүргүзүү максатында, Кардардан / Төлөөчүдөн акча каражаттарын кабыл алгандан кийин «Андан кийин» / «Төлөө» / «Ок» баскычын басуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кол тамгасын колдонуу менен бирдей болгон юридикалык кесепеттерге алып келет. Кардар / Төлөөчү кызматты колдонгондугу Системанын Оператору тарабынан кызматтын көрсөтүлүшү Кардар / Төлөөчүгө төлөм чыптасын (чегин) берүү менен тастыкталат.

4.8. Төлөм (ошондой эле төлөөгө буйрутма) төмөнкү учурларда аткарылышы мүмкүн эмес:

Кызмат көрсөтүүчүдөн жооптун жана /же байланыштын болбогондугу/ байланыштын жоктугу / Системанын Операторунан / Кызмат көрсөтүүчүдөн / үчүнчү жактардан суралган кызматты көрсөтүүнүн техникалык мүмкүнчүлүктүн болбогондугу;

- Кызмат көрсөтүүчүнүн Кардар / Төлөөчү төлөп берүүгө ниеттенген кызматтарды көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу;
- Төлөөгө уруксаты болбогон буйрутманын ыктымалдуулугу / тобокелдиги;

4.9. Система Оператору төлөм системасында тиешелүү Төлөмдү киргизген учурдан тартып, Төлөмдү жүргүзүү боюнча милдеттенмени (Кардар / Төлөөчүнүн төлөм тууралуу буйрутмасын аткаруу боюнча) толугу менен жана талаптагыдай аткарды деп эсептелет.

4.10. Төлөмдү жүргүзүүдө, төмөнкү учурларда убактылуу кечиктирүүлөр болушу мүмкүн:

4.10.1. Төлөм терминалында, төлөм системасы жана / же система оператору жана / же байланыш оператору жана / же Кызмат көрсөтүүчү менен байланыштын жоктугу. Төлөм жүргүзүү байланыштын же интернеттин жок болгондугуна байланыштуу көйгөй жоюлгандан кийин, Кардар / Төлөөчүнүн төлөм буйрутмасын кайрадан жөнөтүү зарылчылыгы жок ишке ашырылышы мүмкүн.

4.10.2. Кызмат көрсөтүүчүдө кызматтардын жоктугу же Кызмат көрсөтүүчүдөгү убактылуу техникалык жумуштар, же Кызмат көрсөтүүчүдө кызматтардын болбогондугунун башка себептерине байланыштуу;

4.10.3. Кардардан / Төлөөчүдөн Кызмат көрсөтүүчүнүн пайдасына төлөм жүргүзүүнүн/эсепке киргизүүнүн кечиктирилиши Кызмат көрсөтүүчүнүн ички системаларында төлөмдөрдү эсепке киргизүүнүн / каттоонун узак жол-жобосу менен байланыштуу;

4.10.4. Кечиктирүүлөр Кызмат көрсөтүүчүнүн жана / же Система операторунун жана көчмө радиотелефон кызматтарын көрсөткөн байланыш операторунун пландалбаган жумуштарына байланыштуу өзгөчө кырдаалдарда келип чыгышы мүмкүн;

4.10.5. Система операторунун программалык терминалдык камсыздоосунун версияларын жаңылоодо.

**5. ӨЗГӨЧӨ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК**

5.1. Система оператору технологиялык мүмкүнчүлүк жок болгон учурда Кызматтарды көрсөтүүнү убактылуу токтотууга укуктуу.

5.2. Кардар/Төлөөчү Төлөм терминалын туура колдонуу, Төлөм терминалынын электрондук формаларын туура толтуруу үчүн өз алдынча жоопкерчилик тартат. Система оператору Төлөм терминалын туура эмес колдонуу, Төлөм терминалынын туура эмес колдонуунун, электрондук формаларын туура эмес толтуруунун негизинде Кардарда/Төлөөчүдө келип чыккан тике жана кыйыр зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт.
5.3. Система оператору Аткаруучуга тиешелүү болбогон жабдуунун же программалык камсыздоонун иштөөсүндө мүчүлүштүк келип чыккан учурда Аткаруучунун Кызматтары көрсөтүлбөй калгандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.
5.4. Система оператору Кызматтарды көрсөтүүдөгү Система операторуна көз каранды болбогон шарттарга (электр энергиясынын өчүшү интернет-провайдерлер тараптан интернет менен камсыздоонун үзгүлтүккө учурашы, жабдууну, программалык камсыздоону алмаштыруу же программалык жана /же аппараттык камсыздоонун кубаттуулугун колдоо жана жаңылоо жумуштарын жүргүзүү боюнча башка жумуштарды аткаруу) байланыштуу келип чыккан толук же жарым-жартылай тыныгуулар үчүн жоопкерчилик тартпайт.
5.5. Кардар/Төлөөчү Система операторуна Система операторунун кызматтарын колдонуусун тастыктаган маалыматтарды көрсөтүү менен, Кызматтарды көрсөтүүнүн сапатына жана мөөнөттөрүнө байланыштуу жазуу жүзүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.
5.6. Ушул Офертанын 5.5.-пунктунда каралган Кардар/Төлөөчүнүн доо-талаптарын жөнөтүү үчүн реквизиттер ушул Офертанын 11_ бөлүмүндө көрсөтүлгөн.
5.7. Кардардын/Төлөөчүнүн доо-талаптарын кароо мөөнөтү Система оператору көрсөтүлгөн доо-талапты алгандан кийин, 3 (үч) жумуш күнүнөн 30 (отуз) жумуш күнүнө чейинки убакытты түзөт.
5.8. Кардар/Төлөөчү Чекти башка адамдарга берүү же аны жоготуп алуу Кардардын/Колдонуучунун конфиденциалдуу маалыматтарын башка жактар тарабынан уруксатсыз колдонуу тобокелчилигине алып келе тургандыгы ага белгилүү экендигин тастыктайт.
5.9. Система операторунун Кызматтарын колдонууда (алууда) келип чыккан Кайтарым акча (Сдача) Кардар/Төлөөчү тарабынан көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча эсептелет.
5.10. Ушул Офертанын шарттары Система оператору тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн жана Система операторунун Кызматтары ишке ашырылганга жана төлөнгөнгө чейин Кардарга/Төлөөчүгө маалымдалат.
5.11. Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн тизмеси өзгөргөн/ кошумчаланган учурда, Система оператору Тарифтерди өзгөртүү укугун өзүнө калтырат, бирок бардык учурда Система операторунун Кызматынын наркы Кардарга/Төлөөчүгө Система операторунун Кызматтарын сатып алуу чечимин кабыл алууга чейин маалымдалат.
5.12. Ушул Келишим боюнча тараптардын милдеттенмелерин аткаруусунда келип чыккан талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет. Аларды жоюуга мүмкүн болбогон учурда, талаш-тартыш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартипте каралууга жатат.
5.13. Кызмат көрсөтүүчүнүн Төлөмдү алгандыгы тастыкталган учурда Система операторуна Кызмат көрсөтүүчүгө Төлөм катары төлөнгөн акча каражаттарын кайтарып берүү боюнча Кардардын/Төлөөчүнүн талабы коюлбайт.
5.1.4. Техникалык мүнөздөмөлөрүнө жараша төлөм терминалы Кайтарым акчаны бере албайт жана киргизилген акча каражаттарын кайтарбайт. Кайтарым акча Байланыш операторлорунун балансына электрондук акча каражаттарын которуу түрүндө (Кардар/Төлөөчү тарабынан көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча) же кайтарым акча картасы түрүндө кайтарылат.
5.1.5.Төлөмдөрдүн лимиттери, жана да тиешелүү Төлөмдөрдү кабыл алуучу Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн тизмеси Кардардын/Төлөөчүнүн идентификациялык жол-жоболорду өтүүсүнө/өтпөөсүнө жараша болушу мүмкүн;
5.16. Кардардын/ Төлөөчүнүн шектүү иш-аракеттерин, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, террористтик ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана Кардар / Төлөөчү тарабынан башка шарттар / иш-аракеттерди жүргүзүүгө, ушул Келишимдин

шарттарын бузуу тууралуу шек келтирүүлөргө алып келиши мүмкүн болгон негиздерге таянуу менен Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн тизмеси же Система оператору тарабынан Кардарга/Төлөөчүгө Кызматтарды көрсөтүү чектелиши мүмкүн.
5.17. Система оператору өзүнүн кароосу боюнча, бир жолу төлөөнүн максималдуу суммасын, ошондой эле жеке Кардарлардын / Төлөөчүлөрдүн, Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн пайдасына же Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн кызматтарынын айрым түрлөрү үчүн бир күнгө жана / же айына төлөнө турган төлөмдөрдүн жалпы суммасын азайтууга укуктуу;

5.18. Ушул бөлүмдө баяндалган чектөөлөр Кардардын / Төлөөчүнүн Тарифти төлөөдөн, Системанын Оператору тарабынан милдеттенмелердин аткарылбагандыгы жана / же талаптагыдай эмес аткарылгандыгы жөнүндө фактылары менен келтирилген чыгымдын ордун толтурууга арыз берүүдөн баш тартуусуна негиз боло албайт.

**6. КЕЛИШИМ ТҮЗҮҮ ЖАНА КЕЛИШИМДИН ИШ-АРАКЕТИ**

6.1. Ушул Келишим кошулуу келишими түрүндө Кардар/Төлөөчү менен Системанын операторунун ортосунда Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 387-беренесине ылайык түзүлөт. Кардар/Төлөөчү төлөм терминалынын интерфейсинде (дисплейинде) анын бардык шарттары менен таанышып чыккандан кийин Келишимге кошулат жана «Төлөө»/ «Андан кийин»/ «Ок» баскычын басуу жана Система оператору тарабынан көрсөтүлгөн жана Офертанын акцепти болуп саналган башка иш-аракеттерди ишке ашыруу менен макулдугун билдирет.
6.2. Тараптар тарабынан Келишимге каалагандай өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин Терминалдык системаны колдонуу киргизилген бардык өзгөртүүлөр менен макул экендигин билдирет. Макул болбогон учурда Кардар/Төлөөчү Терминалдык системаны колдонуудан баш тартууга укуктуу.
6.3. Келишимди бузуу Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына же ушул Келишимге ылайык негиздемелер боюнча каралат.

## 7. ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАР ЖАНА КУПУЯЛУУЛУК

**7**.1. Кардар/Төлөөчү Терминалдык түйүндү/системаны колдонууда Система операторуна өз жеке маалыматтарын берген учурда, Система Операторуна Системанын Оператору тарабынан ушундай жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, өткөрүп берүүгө, иштетүүгө да толук макулдугун берет.

7.2. Кардардын/Төлөөчүнүн тиешелүү арызы аркылуу жазуу жүзүндө Система Операторуна кайрылуу жолу менен Кардар/Төлөөчү өзүнүн макулдугун каалаган убакта жокко чыгарууга укуктуу.
7.3. Система оператору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык Кардарлардын / Төлөөчүлөрдүн жеке маалыматтарынын купуялуулугун сактайт жана аларды жок кылуу, өзгөртүү / өзгөртүү, бөгөттөө, уруксатсыз кирүүдөн, жайылтуудан, ошондой эле Кардарлардын / Төлөөчүлөрдүн жеке маалыматтарынын купуялуулугуна байланыштуу мыйзамсыз башка аракеттерден коргоо үчүн зарыл чараларды көрөт.

7.4. Система оператору төмөнкү учурларды кошпогондо, Кардар / Төлөөчү тарабынан Терминалдык системаны колдонууга байланыштуу ага белгилүү болгон Кардар / Төлөөчү жөнүндө маалыматтын купуялуулугун сактайт:
- Кардардын / Төлөөчүнүн макулдугу менен / талабы боюнча ачылса;

- жалпыга жеткиликтүү маалымат же төлөм терминалын колдонууда, Кардар / Төлөөчү терминал аркылуу киргизилген маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу үчүн зарыл / тиешелүү чараларды көрбөгөндүгүнө байланыштуу белгилүү болгондо;
Келишимде жана / же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык ыйгарым укуктуу органдардын / уюмдардын тараптарынан тийиштүү суроо-талаптар келип түшкөндө.

## 8. ФОРС-МАЖОР

**8.1.** Эгерде мындай аткарбай калуу милдеттенменин мүнөзү боюнча Тараптан талап кылынган ак ниеттүүлүк, акылдуулук жана камкордук деңгээли менен акылга сыярлык чараларды көрүүгө жана алдын ала четтетүүгө мүмкүн болбогон, ал жетпеген күчтүн кесепети болсо (форс-мажордук), Тараптар Келишим боюнча милдеттенмелерди жарым-жартылай же толугу менен аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.
8.2. Форс-мажордук жагдайлар төмөнкүлөрдү камтыйт, бирок алар менен чектелбейт: суу ташкыны, өрт, жер титирөө, жарылуу, бороон, жер кыртышынын чөгүшү жана башка табигый кубулуштар, эпидемиялар, ошондой эле согуш же согуш аракеттери, массалык башаламандыктар, мамлекеттик бийлик же башкаруу органдары тарабынан Келишимди аткаруунун мүмкүн эместигине, анын ичинде Тараптардын мүлкүн / эсептешүү эсептерин камоого алып келген чечимдин, актынын кабыл алынуусу.
8.3. Форс-мажордук жагдайлар жоюлган учурда, Келишимдин аракет мөөнөтү форс-мажордук кырдаалдардын узактыгына барабар мөөнөткө узартылат.
8.4. Форс-мажордук жагдайлардын башталышы, ошондой эле алардын аракеттеринин болжолдуу убактысы тууралуу мындай жагдайларга туш болгон Тарап экинчи Тарапка, мүмкүн болушунча тез арада, бирок алар пайда болгон учурдан тартып 5 (беш) жумушчу күндөн кечиктирбестен кабарлайт. Эгерде жазуу жүзүндө билдирүүнү жөнөтүү мүмкүн болбосо, билдирүү ушул Офертанын 11-бөлүмүндө көрсөтүлгөн электрондук почта дарегине электрондук түрдө жөнөтүлүшү керек. Мындай жагдайлардын келип чыгышы жөнүндө алдын-ала билдирбөө же өз убагында билдирбөө форс-мажордук жагдайларга таянуу укугунан ажыратат.
8.5. Эгерде форс-мажордук кырдаал катары менен 3 (үч) айдан ашык убакытка созулса, анда Тараптардын бири Келишимди жокко чыгарууга кеминде 10 (Он) жумушчу күн калганда бул жөнүндө башка Тарапка билдирип, Келишимди бузууга укуктуу.

8.6. Форс-мажордук кырдаалга туш болгон тарап, ал жеткис күчтүн жагдайлары аяктаган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде, экинчи Тарапка алардын келип чыгышын жана токтогондугун тастыктоо үчүн тиешелүү компетенттүү органдын (КР үчүн – Соода-өндүрүш палатасы) документин берүүгө милдеттүү. Бул учурда мөөнөттүн негиздүүлүгү тиешелүү компетенттүү органдын документ жүгүртүлүшүнүн тартиби менен аныкталат.

## 9. ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР ЖАНА АЛДАМЧЫЛЫК

9.1. Төлөм системасынын техникалык / маалыматтык / технологиялык процесстерин же төлөм инфраструктурасынын иштөөсүн кошо алганда, процесстердин эрежелерине жана өзгөчөлүктөрүнө кирбеген өзгөчө кырдаалдар жана / же системанын тобокелдиктери келип чыкса, алар Системанын Оператору тарабынан аныкталган / катталган учурдан тартып 24 (жыйырма төрт )сааттын ичинде төлөмдөрдү жүргүзүүдөгү тыныгуу тууралуу

коомдук маалымат ресурстарында / булактарында жарыялоо жолу менен Кардарга/Төлөөчүгө маалымдалат. Ушундай эле жол менен келип чыккан көйгөйлөр боюнча иштердин аякташы жөнүндө маалымат жайгаштырылат.
9.2. Төлөм жүргүзүүнү аягына чыгаруу боюнча милдеттенмелерди 9.1-пунктунда көрсөтүлгөн шарттарга карабастан, Системанын Оператору аткарат.

9.3. Ушул Офертанын шарттарына жана укуктук мамилелерге кандайдыр бир жол менен байланыштуу болгон алдамчылык / фрод фактысы келип чыкканда же алдамчылык же фрод фактыларынын келип чыгуу ыктымалдуулугу жөнүндө шектенүү пайда болгон учурда, жогорудагы фактыларга байланыштуу келип чыккан бардык талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

## 10. РЕКВИЗИТТЕР

“Кыргызмобайлкомпани” жоопкерчилиги чектелген коому
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Сүйүмбаев көч.123
Байланыш телефону: +996 (990) 800 800
Email: kyrgyzmobilecompany@gmail.com
2020-жылдын 8-январындагы № 3028080120 жана №2027080120 КРУБ лицензиялары